# СУУСАМЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ ИШ МЕРЧЕМИНИН

## 2025-ЖЫЛДЫН 6 АЙЫНДА АТКАРЫЛЫШЫ

Жайыл райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким тарабынан бекитилген Суусамыр айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата иш чаралар планы 48 иш чарадан турат. Анын ичинде 2025-жылдын **биринчи кварталында** 1 иш чара - Эпизоотикалык-санитардык абалды жакшыртуу максатында Кожомкул, Суусамыр айылдарындагы «Беккари чуңкурларын» оңдоо мерчемделип, жергиликтүү бюджеттен 94 500  сом акча каражатына «Жолдошев Сыдык» Жеке ишкер тарабынан толук аткарылды.

2025-жылдын **экинчи кварталында 10 иш чара пландаштырылган:**

***Долбоорлор менен иштөө, инвестиция тартуу (жумуш орду менен камсыз кылуу)***

Электр энергиясы өндүрүү, жумуш орундарды түзүү максатында Кожомкул айылына караштуу Көкөмерен суусунун “Тоскок” жана Кызыл-Ой айылына караштуу Көбүк суусунун “Көбүк” участкаларына чакан ГЭС куруу үчүн иш кагаздары даярдалып, инвесторлорду тартууга көмөк көрсөтүү иштери жүрүп жатат.

Электр энергиясынын чыңалышын азайтуу максатында Бишкек-Ош автотрассасынын 144 километрине 35/6 килоВольт, кубаттуулугу 5 - 6 МегаВатт электр көмөк чордон куруу боюнча иш кагаздары бүткөрүлүп, куруу иштери июнь айынын 10 - 15тери башталат.

***Жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу. Жарыктандыруу***

Кожомкул айылынын К. Төкөлдөшев көчөсүнө жаңы лампаларды орнотуу, Жибек Жолу көчөсүндө оңдоо иштерин баштоо үчүн сметалык-долбоорлоо иштери жүрүп жатат.

***Инфраструктура тармагы***

“1-Май” айылынын атын “Чомой” деп өзгөртүү максатында 2025-жылдын март айында элдик жыйын өткөрүлүп, протоколдук чечим кабыл алынды.

***Жашылдандыруу жана көрктөндүрүү***

2025-жылында “Жашыл Мурас” компаниясынын алкагында Суусамыр айыл аймагы боюнча  жалпы – 3320 түп көчөттөр отургузулду. Анын ичинде:
Ийне жалбырактуу – 50 түп
Жазы жалбырактуу – 2970 түп
Жер аянты – 7,2 га
Жалпы – 3320 түп
Жалпы өнүмдүүлүгү азыркы мезгилге – 92%.

Ишембиликтерге Суусамыр айыл аймагында жайгашкан мекемелердин кызматкерлери, жергиликтүү калк активдүү катышып, 20,0 га жер тазаланды, 15,5 тонна таштандылар чыгарылды. Жергиликтүү бюджеттен ишембиликтерге 26 300 сом акча каражаты сарпталды.

***Социалдык тармагы***

Балдардын эс алуусун уюштуруу максатында Кожомкул айылындагы балдар аянтчасынын тегереги «Адеми Групп» ЖЧКсы тарабынан тосуу иштери башталды, жергиликтүү бюджет эсебинен 165 200 сом акча каражаты сарпталды.

Суусамыр, Биринчи май айылдарында балдар аянтчаларын куруу боюнча долбоорлор 2024-жылы өтүп, жабдыктар кыш мезгилинде келгендигине байланыштуу, өтмө долбоор

болуп, куруу иштери 60%га аткарылды. ЧӨӨФ - 10,0 млн. сом, ЖБ - 511,5 миң сом акча каражаты сарпталды.

***Маданият бөлүмү***

Улуу Жеңиштин 80 жылдыгына карата спорт жана майрамдык иш-чарага 57 500 сом акча каражты бөлүнүп берилди, ошондой эле ардагерлерге материалдык жардам катары 45 000 сом "Кыргыз почтасы" аркылуу таратылып берилди.

Улуу Ата Мекендик согуштан кайтып келип, Мекенинде каза болгон ардагерлерге мемориалдык эстелик орнотулду (ЖИ «Бейшенбаев Адилет»), жергиликтүү бюджет эсебинен 64 000 сом акча каражаты сарпталды.

***Туризм***

Кызыл-Ой айылына туристтердин келишин жана сезондук жумуш орундар камсыз кылуу иштеринин негизинде азыркы учурда 12 конок үй, 1 жайлоо боз үйү бар. 12 сервиспровайдерлер, 11 гид, 1 айдоочу, 1 координатор иш алып барышат. Быйылкы 2025-жылга туристтерди тартуу максатында эки жолу (2025-жылдын 29-июнунда жана 03-августунда) этнофестиваль өткөрүү пландаштырылды.

**Суусамыр айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата иш чаралар планынан тышкары төмөндөгү иш чаралар жүргүзүлдү:**

Суусамыр айылындагы кичи футбол талаасынын тегереги «Малик уулу Шайлообек» ЖИ тарабынан тосулду, жергиликтүү бюджет эсебинен 249 900 сом акча каражаты сарпталды.

Суусамыр айылындагы «Суусамыр Нуру» бала бакчасына «Асус» ЖЧКсы тарабынан жергиликтүү бюджеттен 165 200 сом акча каражатына эмеректер алынып, кошумча 25 балага бир тайпа ачылды.

Суусамыр, Кайсар, Тунук, Биринчи Май айылдарындагы өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу иштери аткарылды. Жергиликтүү бюджеттен 150 000 сом акча каражаты сарпталды.

Жергиликтүү бюджеттен 167 500 сом акча каражаты айдоолорго, жайыттарга барган жана ички жолдорду оңдоо иштерине бөлүнүп, иш жүрүп жатат.

Кайсар айылында Фельдшердик-акушердик пункту 6 432 300 сом акча каражатына (АРИС - 4 001 800 сом, ЖБ - 2 430 500 сом) куруу иштери аяктады, ишке киргизүүсү күтүлүүдө.

Бишкек-Ош трассасынын 158 километриндеги Суусамыр айыл аймагынын Токойлуу участогунда *15 583 500* сом (АРИС – 15 083 500 сом, ЖБ – 500 000 сом) акча каражатына "Инком системс" ЖЧКсы тарабынан жол четиндеги станциянын имаратынын (кемпинг) куруу иштерин аяктады.

1-Май, Кызыл-Ой, Кайсар айылдарынын генералдык пландарын жасатууга жергиликтүү бюджеттен 817 000 сом акча каражаты бөлүнүп, 90% даяр болду.

Тунук айылындагы Иманжан Бегимкулов атындагы ЖББ орто мектебинин спорт залын куруу иштери жанданды. Республикалык бюджет эсебинен 30,0 млн сом акча каражаты менен каржыланды.

1-Май айылындагы Сатынбай Карабеков атындагы ЖББ орто мектебине кошумча спорт зал курулуп жатат. Республикалык бюджет эсебинен 30,0 млн сом акча каражаты менен каржыланды.

***Жер мунапысы боюнча***

Жалпы түшкөн арыздардын саны – 295,

Канааттандырылбаганы – 118,

Жасалып жатат – 177 (анын ичинен мамлекеттик акт алгандар – 71, комиссиянын кароосунда – 106).

***Киреше тармагы боюнча***

| | **Киреше булактары** | **План** | **Аткарылышы** |
|---|---|---|---|
| 1. | Пайдалуу кен чыккан жерлерден иштеткендиги үчүн акы | 1436 600 сом | 1 902 000 сом |
| 2. | Аренда төлөм жер боюнча | 126 200 сом | 138 800 сом |
| 3. | Аренда төлөм (ФПС) | 914 500 сом | 691 500 сом |
| 4. | Короо салыгы | 179 400 сом | 191 600 сом |
| 5. | Айыл-чарба багытында эмес салык | 390 000 сом | 393 900 сом |
| 6. | Жер салыгы | 185 500 сом | 15 700 сом |
| 7. | Кыймылсыз мүлк боюнча салык | 82 500 сом | 89 000 сом |
| 8. | Ыктыярдуу патенттин негизинде салык | 13 500 сом | 33 600 сом |
| 9. | Салык агенти төлөөчү киреше | 3 906 700 сом | 3 647 200 сом |
| 10. | Таштандыларды тазалоо | 2 600 сом | 2 300 сом |
| 11. | Жайыт колдонуучулардан түшкөн | 62 000 сом | 248 100 сом |
| | ***Бардыгы: 113,6%*** | ***6586800 сом*** | ***7483000 сом*** |

2025-жылдын январь айынан июль айына чейин жалпы **560 878** сом акча каражаты киреше адиси тарабынан чогултулду анын ичинен мурдагы жылдарда өндүрүлбөй калган карыздар **500 352** сом.

***Социалдык тармак боюнча***

Чүй облусунун ыйгарым укуктуу өкүлү К.С.Джумагазиевдин жеке фондунан 200 000 сом акча каражаты бөлүнүп, Суусамыр айыл аймагында 40 аз камсыз үй-бүлөгө ар бирине 1 тоннадан, 40 тонна көмүр таратылды.

Үй-бүлөгө көмөк алгандар - 16 үй-бүлө, 50 бала.

Соц контракт алган 8 үй-бүлөгө мониторинг жүргүзүлдү.

“Ас-сафа” кайрымдуулук фонду тарабынан Суусамыр айыл аймагындагы аз-камсыз, көп балалуу, жесир, томолой жетим, жарым жетим болгон ар бир үй-бүлөгө 15 мешоктон көмүр таратылды:

Суусамыр айылы - 60 үй-бүлөгө;
Тунук, Кайсар айылдары – 30 үй-бүлөгө;
1-Май айылы – 20 үй-бүлөгө;
Кожомкул айылы – 21 үй-бүлөгө;
Кызыл Ой айылы – 16 үй-бүлөгө.

- 8-март Эл аралык аялдар күнүнө карата майрамдык иш чарага 9 800 сом которулду.

-8-мартка карата материалдык жардам катары Баатыр эне, эне даңкы, жесир, соц. пенсионерлерге ар бирине 500 сомдон 50 000 сом “Кыргыз почтасы” аркылуу таратылды.

-«Абийир» коомдук кайрымдуулук фонду тарабынан рамазан айына карата Суусамыр айыл аймагындагы аз-камсыз, томолой жетим, жесир, майып 20 жаранга материалдык жардам катары соц.баштыкчалары берилди.

-Абдыкулова Анарага ден-соолугуна байланыштуу 20 000 сом материалдык жардам катары өздүк эсеп счетуна которулуп берилди.

-Кургак учук менен оруган Кулмурзаев М, Орозалы у Б өздүк эсеп счеторуна 1000 сомдон 2 000 которулуп берилди.

-Кызыл Ой айылынын Түркмөн мектебинин орус тили мугалими Жалалбек уулу Чынарбеке материалдык жардам катары 35 000 сом өздүк эсеп счетуна которулуп берилди.

-Айыл өкмөтүнүн алдында Нооруз майрамы өткөрүлдү.

7-апрель Элдик революциясынын катышуучуларына 12 000 миң сом берилди.

-1-Май айылынын тургуну Рысалиева Гулнуранын 5 баласына «үй-бүлөгө көмөкө» чектелди.

-Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын социалдык контракт боюнча куратору Акылбекова Улангүл жана кызматкер Абдрахманова Света Суусамыр айыл аймагындагы соц.контракт жана «үй-бүлөгө көмөк" алган үй-бүлөлөрдү текшерип кетишти.

- Энелер күнүнө карата Сосновка айылындагы иш-чарага 11 200 сом которулду.

-Тунук айылынын тургуну Калидинова Асемага «Эркин күрөш» боюнча мелдешке барууга материалдык жардам катары 30 000 сом акча каражаты өздүк эсеп счетуна которулуп берилди.

-1-июнь Балдарды коргоо күнүнө карата майрамдык иш-чарага 35 000 сом акча каражаты “Кыргыз почтасына” которулуп берилди.

Суусамыр айылынын тургуну Итемир у Сусамыр, Жүндүбаев М ден соолугуна байланыштуу материалдык жардам катары ар бирине 3000 (үч миң) сомдон өздүк эсеп счеторуна которулуп берилди.

-Тажик-Афган согушунун катышуучулары Ж. Асаналиев, Р. Конушбаевдердин өздүк эсеп счеторуна 3 000 сомдон - 6000 сом акча каражаты которулуп берилди.

***Жалпысынан жергиликтүү бюджеттен:***
Материалдык жардамдарга – 126 000 сом
Спорттук иш чараларга – 30 000 сом
Майрамдык иш чараларга – 163 500 сом бөлүнүп берилди.

***Айыл чарба тармагы боюнча***

- 870 баш ири мүйүздүү мал идентификациядан өткөрүлүп, СИОЖго катталды;

- айыл ичиндеги 190 баш жолбун иттер жок кылынды;

-Эхинококкоз ылаңын алдын алуу боюнча 520 баш итке дары берилди;

-Кызыл-Ой айылынан 300 баш ири мүйүздүү малдан кан алынып бруцеллез ылаңына лабораториядан текшерилди.

- 5115 баш ири мүйүздүү малга шарп, сибирь жарасы жана карасан ооруларына вакциналары атылды.

# Тендер жарыялоого даяр, бекитилген долбоорлор

| **Республикалык бюджеттен (дем берүүчү грант) каржыланган долбоорлор:** | |
|---|---|
| **Долбоор** | Каражаты |
| Суусамыр айылынын Э. Турдугулов көчөсүнө жаңы асфальт төшөө | РБ - 3 000,0 миң сом,<br>ЖБ - 1 358,158 миң сом |
| Тунук айылынын Жолуке көчөсүнө жаңы асфальт төшөө; | РБ - 3 000,0 миң сом,<br>ЖБ – 2 117,176 миң сом |
| Тунук айылынын Кырбаш көчөсүнө жаңы асфальт төшөө; | РБ – 3 000,0 миң сом,<br>ЖБ - 1 325,657миң сом. |

| **Чүй облустук өнүктүрүү фондунан каржыланган долбоорлор:** | |
|---|---|
| **Долбоор** | Каражаты |
| Суусамыр айылына воркаут, балдар аянтчасын куруу, тегерегин тосуу | ЧӨФ - 3 795,963 миң сом,<br>ЖБ – 113,879 миң сом |
| Тунук айылына спорт аянтчасын, воркаут, балдар аянтчасын куруу, тегерегин тосуу жана жарыктардыруу | ЧӨФ – 2 634,257 миң сом,<br>ЖБ – 79,028 миң сом |
| Суусамыр айылына жүн-терини кайра иштетүүчү цех ачуу | ЧӨФ – 10 496,659 миң сом,<br>ЖБ – 248,988 миң сом. |
| **2025-жылга өткөөл долбоорлор:**<br>Суусамыр айылындагы Конушбаев Кадырбек атындагы Суусамыр ЖББ орто мектебинин спорт аянтчасын тосуу;<br>Тунук жана Биринчи май айылдарындагыФАП имараттарын оңдоо иштери, суу чыгаруу, жаы даараткана жана медициналык калдыктарын жок кылуу чуңкурун орнотуу;<br>Суусамыр айыл өкмөтүнүн имаратына даараткана куруу;<br>Суусамыр жана Биринчи май айылдарына воркаут, балдар аянтчасын куруу, тегерегин тосуу, жарыктандыруу, көрктөндүрүү. | ЧӨФ – 7 381,211 миң сом. |

Суусамыр айыл өкмөтүнүн башчысы Ш. К. Абдыкадыров